**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

**Кептик тема:** Жалкоо бала
**Грамматикалык тема:** Бышыктоочту кайталоо

*Класс: 8 В*

*Кубанычбек кызы Калия*

*2018-2019- окуу жылы*

**Кыргыз тили. 8-класс.**
**Кептик тема:** Жалкоо бала
**Грамматикалык тема:** Бышыктоочту кайталоо
**Тилдик:**
Тема боюнча жаңы лексиканы өздөштүрүшөт, кыймыл-аркеттин качан, кантип, кайда болгонкн билдирген сөздөрдү кайталашат.
**Кептик-катнаштык:**
Текстти окуп, түшүнөт. Окуган текст боюнча суроо түзүшөт. Оозеки сүйлөп бере алышат.
**Социо-маданий:**
Окуучулар калп, жалкоолук жакшы эмес экенин түшүнүшөт. Элпек, жакшы бала болуу керек экенин түшүнүп, ошого тарбияланышат.
**Сабактын жабдылышы:** слайд, түстүү сүрөттөр, таркатма материалдар.
Сабактын жүрүшү:
**I Сабактын киришүү бөлүгү:**
А) Окуу ишмердүүлүгүнө мотивдештирүү. (1 мүнөт).
Саламдашуу. Кырдаалдык көнүгүү. 1- слайд

| | |
|---|---|
| Бири-бириңерге жагымдуу маанай тартуулагыла. Жаныңарда отурган классташыңардын атынын баш тамгасы кайсы тамга менен башталса, ошол тамга менен башталган жагымдуу сөз айтабыз.<br><br>Отургула. Сабагыбызды баштайбыз. | Окуучулар бири-бири менен бир учурда «Салам». «Кандай» деп учурашып, дароо бири-бирине жагымдуу сөздөрдү чынжырча түрүндө айтышат. |

Б) Билимдерин актуалдаштыруу. (4 мүнөт) 3-слайд

| | |
|---|---|
| 1. Келгиле, биз «Жалкоо» деген сөздүн тегерегинде кеп кылабыз. «Жалкоо» деген сөздү укканда силер кандай сөздөрдү ойлондуңар, ошол сөздү айткыла. Мисалы:<br><br><br>2. Кандай деп ойлойсуңар, сабакта эмне жөнүндө сөз болот. Темабыз кандай болот? 4-слайд<br><br>Окуучулар, болжолдуу түрдө теманы айтышат. Слайддан теманы көрсөтөм.<br>5-слайд. | Окуучулар «Жалкоо» деген сөз менен ассоциация чынжырын чогуу түзүшөт.<br><br>Андан кийин сабактын теасын болжошот. Алардын ойлорун четке какпай, баарын тең угам. |

Окуучуларды сабактын максаттары менен тааныштыруу. (2 мүнөт) 6-слайд

| |
|---|
| Сабактын максаттары менен таанышалы: Жаңы сөздөрдү өздөштүрөбүз. Билген сөздөрдү активдүү колдонобуз. Бышыктооч сөздөр менен кеп курабыз. «Жалкоо» деген |

| |
|---|
| текстти тыным менен окуйбуз. Ар бир тынымдан кийин суроо түзүп, тексттин аягын өзүбүз жазабыз. Топ менен иштейбиз. Критерий менен өзүбүздүн ишибизди өзүбүз баалоого көнүгөбүз. |

II Сабактын негизги бөлүгү. (___ 5мүнөт) 7-12-слайддар

| | |
|---|---|
| Окуучулар текстте кездеше турган жаңы сөздөр менен таанышат. Ал жаңы сөздөр дубалдарга илинет, слайд аркылуу да көрсөтүлөт.<br>Жаңы сөздөр:<br>Карыя – пожилой человек (сүрөтү кошо турат.)<br>Акылман – мудрый<br>Акылсыз (глупый) – акылдуу<br>Таяк - палка<br>Жалкоо-ленивый<br>Баса албай - не в состоянии ходить<br>Бутун кокустатып – травмы ноги<br>Тамдын үстү – крыша<br>От - огонь<br>Чындык – правда<br>Калп –ложь<br>Таяк кыркып-вырезать палку | Слайддан жаңы сөздөр менен таанышат, эстеринде жакшы сакталыш үчүн дубалдарда илинип турган жаңы үйрөнгөн сөздөрүн 45 мүнөт айбай, илип коем. Улам окуп, эстеринде сакташат. |

| |
|---|
| Азыр балдар, берилген текстти өз алдынча окуйсуңар. Жаңы сөздөргө жана алды сызылган сөздөргө маани берип окугула. Кандай деп ойлойсуңар андан ары эмне болот? (___ 3мүнөт) 13-14-слайд |

**Илгери** бир акылман карыя жашаган экен. Анын жалгыз уулу болуптур. Баласы чоңойгондо акылсыз чыгат. Ата-энесине жардам бербейт. Буга атасы капа болот.

Кыш түшүп, **бир күнү** кар жаайт. Атасы уулунун **тамдын үстүндөгү** карды күрөп коюшун суранат. Баласы **жалкоолонуп**:

-Башым ооруп жатат, - деп жатып алат. Атасы **тамдын үстүнө** өзү чыгып, кар күрөп жатып бутун кокустатып алат да, баса албай төшөктө жатып калат.

- Эгер уулум **тоодон** таяк кесип келип берсе, **тез** эле айыгат элем, - дейт атасы уулун сынаш үчүн. Уулу:

| |
|---|
| Тексттин уландысын окугула. Бала таякты кандай жол менен алып келгенине көңүл бургула. Ар бириңер экиден суроо жазгыла. (__5 мүнөт) 15-16-слайд |

1-тыным

- Мен азыр эле кыркып келе коём, - деп тоого жөнөйт. **Жолдо** бара жатса, таякчан бир кары адам келе жаткан экен, аны коркутуп, таягын тартып алат да, сүйүнгөн боюнча атасына келет. Атасы таякты отко салып жиберет. Уулу унчукпайт. Атасы:

- Уулум, эгер таякты өз колуң менен кыркып келгенде, таяк күйбөйт болчу. Эми менин оорум айыкпай эле күчөдү, - дейт.

Уулу **тоого** кайра жөнөйт. **Жолдон** минтип ойлонот:

- Кар калың. Эшик суук. Тоого жеткенче кыйналам. Андан көрө **базардан** сатып алайын.

Ошентип, жалкоо бала базардан таяк сатып алат да, атасына алып келет. Атасы бир аз ойлонуп туруп, таякты шарт сындырып салат. Уулу унчукпайт. Атасы бул жолу баласына эч нерсе дебей, **тескери бурулуп** жатып алат.

Эми бул бала эмне кылат? Ал атасына таяк алып келип береби? Таяк алып келсе эле атасынын буту жакшы болуп кетеби? Деген суроолорго жооп жазуу менен жомоктун аягын өзүңөр жазгыла. (___5 мүнөт) 17-18-слайд

2-тыным

Уулу үчүнчү жолу гана атасынан чоочуп, **тоого** таяк алып келгенге кетет. Кыйынчылык менен барып, таяк кыркып келет. Атасы бул таякты ыргытып салат. Ошондо бала эмгеги менен алып келген таякты ыргытып салганда ыйлап жиберет. Ал **жолдо** сууктан үшүгөнүн, карышкыр көргөнүн айтат. Ошондо атасы баласынын мээнет менен алып келген таягын ыргытканына капа болот. Баласынын чын айтканын, өзү алып келгенин билип:

- Уулум, менин оорумдун дарысы сенин чындык сөзүң болчу. Эки жолу калп айтып, таякты оңой жол менен алып келдиң. Үчүнчү жолу гана чындыкты айтып, өз эмгегиң менен алып келдиң. Эми мен **бат** айыгам, - дейт.

Ошол окуядан кийин уулу калп айтпай, жалкоо болбой, ата-энесине жардам берип калыптыр.

Жомоктун аягы силер жазган оюңар менен дал келдиби?
Бала чын эле жалкоо бекен. Аны кантип билдиңер?
Ал акыры таяк алып келди да, мүмкүн жалкоо эмес.
Ким жалкоо эмес деп айта алат?
Ооба, бала жалкоо, себеби, …
Жок, бала жалкоо эмес, себеби, …………19-слайд

Эгерде, окуучулар арасында баланы жалкоо да, жалкоо эмес дегендер да бар болсо, эки топко ошол боюнча бөлөм. Эгер класстагы окуучулар бир ойду айтышса, анда жасалма кырдаал түзүп берем.

Окуучулар талкууга чыккан соң, карточка таратылат. Ошол эки топто отурган боюнча жооп беришет. Балдар, азыр колуңарга берилген жооптор тексттен алынган. Ушул жоопко туура келе турган суроо түзгүлө. (___ 8мүнөт) 20-21-слайд

Машыктыруучу көнүгүүлөр: (____4 мүнөт)

| | |
|---|---|
| **Сөздөр менен сүйлөм түзгүлө. Иш дептериңерге жазгыла. 22-слайд**<br>Илгери, жалгыз, ата-эне, жалкоо бала, акылдуу бала, таяк, калп, тез айыгат. | Окуучулар сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзүшөт. |

III Өтүлгөн материалды бышыктоо (____5 мүнөт) 23-слайд

Бул тапшырманы биринчи топко берем. Эки топ эки башка тапшырманы аткарышат. Текшерүүгө эки топту бири-бирине бердирем. Бири-биринин тапшырмасын текшерген соң, туура жообун слайддан көрсөтөм. Дагы бир жолу текшеришет.

**1 –топ. Туурасын “Т”, катасын “К” тамгасы менен белгилегиле. 24-слайд**

Илгери эки акылман карыя жашаган экен. ( )

Баласы чоңойгондо акылдуу болот. (....)

Атасы тамдын башынан кар күрөп, бутун кокустатып алат. ( )

Акылман карыянын кызы акылсыз болуп чоңоёт. ( )

Бала таякты базардан сатып келет. ( )

Үчүнчү жолу таякты кошунасы берет. ( )

Бала калп жаман экенин билет. ( )

Башым ооруп жатат, - деп жатып алат. ( )

Баласы атасына : “Эми мен бат айыгам, - дейт” ( )

2-топтун тапшырмасы: 25-слайд

Окуучулар текст боюнча түзүлгөн тестти иштешет.

1. Атасы баласына эмне үчүн таяк алып кел деди?

   А) сынаш үчүн

   Б) коркутуш үчүн

   В) айыгыш үчүн

   Г) тамашалаш үчүн

   2. Баласы экинчи жолу таякты ... ... келди.

   А) уурдап

   Б) сатып

   В) сурап

   Г) тоодон кыйып

   3. Атасы бутун ... ... кокустатып алды?

   А) жолдон

   Б) тоодон

   В) тамдын үстүнөн

   Г) үйдүн ичинен

   4.Бала үчүнчү жолу таякты алып келгенде эмне үчүн ыйлап жиберди?

   А) ал өзү кыйып келгени үчүн

   Б) акчасы кеткени үчүн

   В) кайра ээсине алып бериш үчүн

   Г) сынып калган үчүн

   5.Атасынын оорусунун дарысы эмне экен?

   А) тоодон алып келген таяк

   Б) баланын калп сөзү

   В) баласынын чындык сөзү

Г) баласынын уурулугу

Сабактын жыйынтыгы. Рефлексия. Окуучулар өздөрүн карточкалардын жардамы менен баалашат. (___2 мүнөт) 27-слайд

Сабак мага жакты.

Мен сабакта жакшы иштедим.

Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду.

Сабак кызыктуу болду.

Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым.

Сабактан көп пайда алган жокмун.

Анткени тема түшүнүксүз болду.

Сабакта жооп берген жокмун

Тапшырама (___ 1 мүнөт) 28-29-слайд

1-топко тапшырма: Силердин класска жаңы окуучу келди. Ал бала жалкоо. Ар бир сабакка тапшырмасын аткарып келбейт. Сенин айта турган кеңешиң. Жалкоо болуу жакшы же жаман экенин түшүндүрүп бер. Тапшырманы иш дептерге аткаргыла.

2-топко тапшырма: “Жалкоо болбо!” деген темада он сүйлөмдөн ашпаган сочинение жазып келгиле.

Тиркеме:

**Жалкоо бала**

**Илгери** бир акылман карыя жашаган экен. Анын жалгыз уулу болуптур. Баласы чоңойгондо акылсыз чыгат. Ата-энесине жардам бербейт. Буга атасы капа болот.

Кыш түшүп, **бир күнү** кар жаайт. Атасы уулунун **тамдын үстүндөгү** карды күрөп коюшун суранат. Баласы **жалкоолонуп**:

-Башым ооруп жатат, - деп жатып алат. Атасы **тамдын үстүнө** өзү чыгып, кар күрөп жатып бутун кокустатып алат да, баса албай төшөктө жатып калат.

- Эгер уулум **тоодон** таяк кесип келип берсе, **тез** эле айыгат элем, - дейт атасы уулун сынаш үчүн. Уулу:

1-тыным

- Мен азыр эле кыркып келе коём, - деп тоого жөнөйт. **Жолдо** бара жатса, таякчан бир кары адам келе жаткан экен, аны коркутуп, таягын тартып алат да, сүйүнгөн боюнча атасына келет. Атасы таякты отко салып жиберет. Уулу унчукпайт. Атасы:

- Уулум, эгер таякты өз колуң менен кыркып келгенде, таяк күйбөйт болчу. Эми менин оорум айыкпай эле күчөдү, - дейт.

Уулу **тоого** кайра жөнөйт. **Жолдон** минтип ойлонот:

- Кар калың. Эшик суук. Тоого жеткенче кыйналам. Андан көрө **базардан** сатып алайын.

Ошентип, жалкоо бала базардан таяк сатып алат да, атасына алып келет. Атасы бир аз ойлонуп туруп, таякты шарт сындырып салат. Уулу унчукпайт. Атасы бул жолу баласына эч нерсе дебей, **тескери бурулуп** жатып алат.

2-тыным

Уулу үчүнчү жолу гана атасынан чоочуп, **тоого** таяк алып келгенге кетет. Кыйынчылык менен барып, таяк кыркып келет. Атасы бул таякты ыргытып салат. Ошондо бала эмгеги менен алып келген таякты ыргытып салганда ыйлап жиберет. Ал **жолдо** суктан үшүгөнүн, карышкыр көргөнүн айтат. Ошондо атасы баласынын мээнет менен алып келген таягын ыргытканына  капа болот. Баласынын чын айтканын, өзү алып келгенин билип:

- Уулум, менин оорумдун дарысы сенин чындык сөзүң болчу. Эки жолу калп айтып, таякты оңой жол менен алып келдиң. Үчүнчү жолу гана чындыкты айтып, өз эмгегиң менен алып келдиң. Эми мен **бат** айыгам, - дейт.

Ошол окуядан кийин уулу калп айтпай, жалкоо болбой, ата-энесине жардам берип калыптыр.

Карточка:

1. ____________________________________________________________________________
   Илгери бир акылман карыя жашаган экен.
2. ___________________________________________________________________________
   Атасы уулунун **<u>тамдын үстүндөгү</u>** карды күрөп коюшун суранат.
3. ___________________________________________________________________________
   Атасы **<u>тамдын үстүнө</u>** өзү чыгып, кар күрөп жатып бутун кокустатып алат да, баса албай төшөктө жатып калат.
4. ___________________________________________________________________________
   **Жолдо** бара жатса, таякчан бир кары адам келе жаткан экен, аны коркутуп, таягын тартып алат да, сүйүнгөн боюнча атасына келет.
5. __________________________________________________________________________
   Атасы бир аз ойлонуп туруп, таякты шарт сындырып салат.
6. ___________________________________________________________________________
   Ошондо атасы баласынын мээнет менен алып келген таягын ыргытканына капа болот
7. ___________________________________________________________________________
   Баласынын чын айтканын, өзү алып келгенин билет.
8. ___________________________________________________________________________
   Уулум, менин оорумдун дарысы сенин <u>чындык</u> сөзүң болчу.
9. __________________________________________________________________________
   Ошол окуядан кийин уулу калп айтпай, жалкоо болбой, ата-энесине жардам берип калыптыр.
10. ___________________________________________________________________________
    Атасы бул жолу баласына эч нерсе дебей, **тескери бурулуп** жатып алат.
11. _________________________________________________________________________
    Кыйынчылык менен барып, таяк кыркып келет.
12. _________________________________________________________________________
    Кар калың. Эшик суук. Тоого жеткенче кыйналам. Андан көрө **базардан** сатып алайын.

**1 –топтун тапшырмасы:**

**Туурасын “Т”, катасын “К” тамгасы менен белгилегиле.**

Илгери эки акылман карыя жашаган экен. ( )

Баласы чоңойгондо акылдуу болот. ( )

Атасы тамдын башынан кар күрөп, бутун кокустатып алат. ( )

Акылман карыянын кызы акылсыз болуп чоңоёт. ( )

Бала таякты базардан сатып келет. ( )

Үчүнчү жолу таякты кошунасы берет. ( )

Бала калп жаман экенин билет. ( )

Башым ооруп жатат, - деп жатып алат. ( )

Баласы атасына : “Эми мен бат айыгам, - дейт” ( )

**2-топтун тапшырмасы:**

Окуучулар текст боюнча түзүлгөн тестти иштешет.

1. **Атасы баласына эмне үчүн таяк алып кел деди?**
   А) сынаш үчүн
   Б) коркутуш үчүн
   В) айыгыш үчүн
   Г) тамашалаш үчүн

**2. Баласы экинчи жолу таякты ... ... келди.**
А) уурдап
Б) сатып
В) сурап
Г) тоодон кыйып

**3. Атасы бутун ... ... кокустатып алды?**
А) жолдон
Б) тоодон
В) тамдын үстүнөн
Г) үйдүн ичинен

**4.Бала үчүнчү жолу таякты алып келгенде эмне үчүн ыйлап жиберди?**
А) ал өзү кыйып келгени үчүн
Б) акчасы кеткени үчүн
В) кайра ээсине алып бериш үчүн
Г) сынып калган үчүн

**5.Атасынын оорусунун дарысы эмне экен?**
А) тоодон алып келген таяк
Б) баланын калп сөзү
В) баласынын чындык сөзү
Г) баласынын уурулугу